**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР**

# ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 3- КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2025-жылдын 29-январы №09 Оргочор айылы

## 2025-жылга Оргочор жергиликтүү бюджетин жана 2026-2027-жылдарга токтом долбоорун бекитүү

1. 2025 - жылга карата Оргочор айыл өкмөтүнүн бюджети киречелер боюнча 147 986,1 (бир жүз кырк жети миллион тогуз жүз сексен алты миң бир жүз) сом, 2026-жылга 149506,1 (бир жүз кырк тогуз миллион беш жүз алты миң бир жүз) сом, 2027-жылга 152712,1 (бир жүз элүү эки миллион жети жүз он эки миң бир жүз) сом көлөмүндө жана чыгымдар боюнча 147 986,1 (бир жүз кырк жети миллион тогуз жүз сексен алты миң бир жүз) сом көлөмүндө № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2026-2027 жылдарга долбоор №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Салыктардын контингенти жана чегерүүлөрдүн көлөмү № 3 тиркемеге ылайык каралсын жана кирешелер биринчи кезекте эмгек акыга, соцфондго чегерүүгө, коммуналдык чыгымдарга жана жеңилдиктерди төлөөгө жумшалсын. Айыл өкмөтүнүн бюджетине түшүүчү булак болгон салыктарды өз убагында жыйнап бюджетке түшүрүү жагы айыл өкмөтүнүн киреше боюнча башкы адис С. Шаршембиевага милдетендирилсин.
4. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу чыгымдардын көлөмү № 4 тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Жергиликтүү бюджеттен мекемелерге каржылануучу эмгек акы, соц.фондусунун чектелген көлөм № 5 тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Бала бакчалардын атайын каражатына ата-энелерден келип түшүүчүү акча каражаты 10180,8 (он миллион бир жүз сексен миң сегиз жүз) сом балдардын тамак аш чыгымдарына бекитилсин.
7. Жаштар иштер боюнча адистин эмгек акысы адистин денгээлинде 3(үч)-штаттык бирдиги 7040 сомдук айлык акысы соцфондусу менен 307,0 (үч жүз жети миң) сом бекитилип берилсин. Спорт оюндарына – 500 ( беш жүз мин) сом, транспорттук чыгымдарына 50,0 (элүү миң) сом, ар кандай чыгымдарга 150,0 ( бир жүз элүү миң) сом акча каражаты бекитилсин.
8. Спорт комплекс боюнча сакчысына эмгек акысы адистин денгээлинде 2 (эки)-штаттык бирдиги 7040 сомдук айлык акысы соцфондусу менен 198,1 (жүз токсон сегиз миң бир жүз) сом бекитилип берилсин. Ар кандай иш чараларга, баардык спорт оюндарына – 600,0 (алты жүз миң) сом акча каражаты бекитилсин.
9. Өзгөчө кырдаалдарга- 861,0 (сегиз жүз алтымыш бир мин) сом акча каражаты, ушул акча каражаттын ичинен күйүүчү май алууга бекитилсин. Каралган акча каражаты пайдаланбай калса башка беренелерге жумшалсын. Өзгөчө кырдаалдарга каралган акча каражатын депутаттар менен макулдашуунун негизинде иш алынып барылсын.
10. Жергиликтүү бюджетке 2025-жылы мергенчилерден келип түшкөн акча каражаты жана жайыт акыларынын 70 пайызы “МТАА АГРО МТС” МИнын эсебине которулуп берилсин.

11. 2025-жылга Оргочор айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен каржылануучу иш чаралар:

11.1. Оргочор айыл өкмөтүнүн имаратына жаңы эмеректерин алууга 1000,0 (бир миллион) сом, ар кандай иш чараларга, кызматкерлерди окутууга жана кызмат көрсөтүүлөргө – 517,0 (беш жүз он жети миң) сом, чарба жана кеңсе товарларына 744,0 (жети жүз кырк төрт миң) сом жана мүчөлүк акы төлөөгө Союз МСУга ар бир жаран үчүн 2 сомдон 36,0 мин сом өлчөмүндө каралсын:

11.2. Дем берүүчү грант менен Оргочор айыл аймагындагы ички жолдорду асфальтоого Ак-Дөбө айылына - 4778,3 (төрт миллион жети жүз жетимиш сегиз миң үч жүз) сом, Ан-Өстөн айылына 5791,4 (беш миллион жети жүз токсон бир миң төрт жүз) сом, Оргочор айлына 5021,4 (беш миллион жыйырма бир миң төрт жүз) сом жана Тилекмат айылындагы А.Алтымышбаев орто мектебин жылылоого жана эшиктерин алмаштырууга 7689,1 (жети миллион алты жүз сексен тогуз миң бир жүз) сом

- Светлая Поляна айылындагы таза суусун капиталдык ремонттон өткөрүүгө 1200,0 (бир миллион эки жүз миң ) сом өздүк салымга бөлүнсүн.

11.3. Оргочор айыл аймагы боюнча курулуш иштерине ПСД, архитектура, гипрозем, камсыздандырууга 1000,0 (бир миллион) сом акча каражаты бөлүнсүн.

11.4. Оргочор аймагына караштуу "МТАА АГРО МТС" муниципалдык ишканасынын техникаларынын лизингин төлөөгө 4415,0 (төрт миллион төрт жүз он беш миң) сом жана атайын техника алууга 14278,8 (он төрт миллион эки жүз жетимиш сегиз миң сегиз жүз) сом акча каражаты бөлүнсүн.

11.5. Оргочор аймагына караштуу "МТАА АГРО МТС" муниципалдык ишканасы аркылуу аймакта жасала турган жумуштарга 5753,6 (беш миллион жети жүз элүү үч миң алты жүз) сом бекитилсин.

11.6. Уч-Кошкон айылына таза суу чыгаруу иштерине 2000,0 (эки миллион) сом акча каражаты бөлүнсүн.

11.7. Оргочор айыл аймагындагы Боз-Бешик жана Ак-Дөбө айылдарындагы муниципалдык пляждарынын инфраструктурасын жакшыртуу максатында 15 000,0 (он беш миллион) сом акча каражыты бөлүнүп берилсин жана "МТАА АГРО МТС" муниципалдык ишкана аркылуу ишке ашырылсын.

11.8. Чон-Кызыл-Суу айылындагы ФАПтын капиталдык ремонт иштерин өткөрүүгө 800,0 мин сом бекитилсин.

11.9. Оргочор айыл аймагындагы билим берүү мекемелерине жана Ак-Шыйракка көмүр сатып алууга 4810,0 (төрт миллион сегиз жүз он миң) сом, мектептерге кенсе, чарба буюмдарды жана жаны жабдыктарды, ар кандай иш чараларды өткөрүүгө 2100,0 (эки миллион бир жүз миң) сом акча бөлүнсүн. Мектептердин тамак ашына 1144,5 (бир миллион бир жүз кырк төрт миң бир жүз) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

11.10. Бала бакчаларга кенсе, чарба буюмдары жана жаны жабдыктарды, ар кандай иш чараларды өткөрүүгө 2100,0 (эки миллион бир жүз миң) сом акча бөлүнсүн.

11.11. Жыл ичинде аймак боюнча социалдык жардамдарга 1000,8 (бир миллион сегиз жүз сом) сом жергиликтүү бюджеттен бөлүнсүн.

11.12. Кызматтык автоунаага АИ-92 күйүүчү май алууга ай сайын 300 литр 223,2 (эки жүз жыйырма үч миң эки жүз) сом жана автотетиктерди сатып алууга 60 (алтымыш миң) сом,

11.13. Оргочор айыл аймагындагы таштандыларды чыгаруу калктын санына жараша субсидия катары 400,0 (төрт жүз миң) сом бөлүнүп берилсин.

11.14. Айыл өкмөтүнүн башчысынын резервдик фонду **2170,0** (эки миллион бир жүз жетимиш миң) сом өлчөмү бекитилсин.

11.15. 2025-жылкы бюджет 33 173,7 (отуз үч миллион бир жүз сексен эки миң) сом дефицит менен бекитилсин жана кошумча акча каражаты түшүп калса

1) 3000,0 (үч миллион) сомду “Оргочор” ГПЗнын карызын төлөөгө жумшалсын.
2) “Бел-Совхоз-О” СПАсы объект ишке киргизилгенден кийин реабилитациялык иштердин төлөмүнө Светлая Поляна, Оргочорго 8000,0 (сегиз миллион) сом дефицит менен бекитилсин
3) Жыл ичинде аймак боюнча майрамдарга жана жыл ичиндеги даталуу күндөргө, балдарды колдоого (лагер) 4500,0 (төрт миллион беш жүз миң) сом дефицит менен бекитилсин
4) Светлая Поляна айылындагы ички жолдорун капиталдык ремонттон өткөрүүгө 3000,0 (үч миллион) сом өздүк салым бөлүнсүн дефицит менен.
5) Өздүк салым (инвестиция тартууга) 5000,0 (үч миллион) сом бөлүнүп берилсин дефицит менен.
6) Ак-Шыйрак, Чоң-Кызыл-Суу, Светлая Поляна, Оргочор, Боз-Бешик, Мундуз, Аң-Өстөн, Ак-Дөбө, Кургак -Айрык айылдарынын ички жумуштарына -800 000 (сегиз жүз миң) сомдон жана Тилекмат айылына -1 473, 7 (бир миллион төрт жүз жетимиш үч миң жети жүз) сом , Жалпысынан 8 млн. 673 миң 700 сом каралды.
7) Айыл өкмөтүнүн карамагындагы участкалык милиция кызматкерлеринин кызматтык автоунааларына, өзүнүн жеке автоунааларын кызмат учурунда пайдаланган айыл өкмөтүнүн жер адисине, салык инспекторлоруна кызматтык функционалдык милдеттерин өз деңгээлде аткарууга көмөк көрсөтүү максатында, ВУС кызматкерине, айылдын айыл башчыларына айыл ичиндеги ички жумуштарга, ишенбиликке, МАК, мыйзамсыз балык улоочуларга күйүүчү май сатып алууга 1000,0 (Бир миллион) сом чыгымдарын 2025-жылга каралган жергиликтүү бюжетинин чыгымдар бөлүгүнүн ЖКХ бөлүмү аркылуу жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүмүнө милдеттендирилсин.

12. 2025–жыл ичинде түзүлгөн кырдаалга жараша акча каражатын статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруу жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилсин. Бекитилген бюджеттин бөлүнгөн тизмеси толугу менен тиркелсин.

13. Каралган жергиликтүү бюджетти бекитип берүү жагы райондук финансы бөлүмүнөн суралсын.

14. Бул токтомдун массалык маалымат каражаттарына жарыялоо жагы жана юстиция министрлиги тарабынан ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестирине киргизүү боюнча иш жүргүзүү жергиликтүү бюджеттин жоопту катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

15. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөөсү финансы пландоо бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

16. Токтом 2025-жылдын 31-январынан тартып күчүнө кирсин.

**Төрага** **А.Тыныбеков**